УДК: 17 (07)

Раева Т.Т.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Сантьяго де Компостела университети*
*(Испания)*

# ИСПАНИЯ МАМЛЕКЕТИНДЕГИ БОЛОН ПРОЦЕССИ ЖАНА ЕВРОПАНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕЙКИНДИГИ (Espacio Europeo de Educacion Superior)

*Макалада Европанын Жогорку билим берүү мейкиндиги (EEES), анын негизги мүмкүнчүлүктөрү, зарылчылыгы, пайда болушу, келечектеги максаттары жана Испания мамлекетиндеги Болон процессинин азыркы күндөгү абалы жөнүндө маалымат берилген. Европанын Жогорку билим берүү Мейкиндигинин (EEES) пайда болушу жана перспективалары чагылдырылды.*

Дүйнөдөгү бардык университеттер, өзгөчө европадагы университеттер бири-бири менен тыгыз байланышта иш жүргүзүшөт. ERASMUS программасы тарабынан 1987-жылдан бери студенттердин билим алуусу, окутуучулардын тажрыйба алмашуусу, билим берүү системасын башкаруу, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү боюнча алгачкы кадамдар жасалып, европадагы мамлекеттердин бул багытта өз ара тыгыз байланышта иш жүргүзүшүнө түрткү болгон жана болуп келет. Ал эми бул байланышты системалык көз карандылык эмес, ушул демилгени дагы алдыга жылдыруу үчүн пайдалануу – анын негизги максаты катары каралат. Европа чогу бир мейкиндикти ээлеп туруп, экономика талаасында «еврону» бул мамлекеттер үчүн баарына бирдей кызмат кылуучу валютасы кылып алгандай эле Европа илимди, билим берүүнү жана маданиятты бул мамлекеттер үчүн бирдей кызмат өтөй турган система катары иштеп чыгууну максат кылып коюшкан.

Жер жүзүндөгү университеттердин идеялары - эффективдүү кайра куруу менен чыныгы анализ жүргүзүүдө турат. Университеттик билим берүүнү түп тамырынан бери терең өзгөртүү жөнүндөгү алдына алуулар артта калды. Бирок ал идеялардын дээрлик бардыгында эле «окуучу үйрөнүшү керек» деп, ал эми «өзү окуп үйрөнүүсү керек» деген пикир четте калгандай. Кандай гана окуу болбосун ал ыкмадан, методдон көз каранды экендиги белгилүү [1, 45-б.].

Сапат – бул Испания мамлекетиндеги университеттердин жаңылануугa, атаандашууга жөндөмдүүлүгүн арттыруучу кызматташуунун жана салыштыруунун эң негизги, башкы чакырыгы. Сапатты баалоо жана Аккредитациялоо агентсвосу (ANECA) башка уюмдар сыяктуу эле негизги көңүлдү Испаниянын жогорку билим берүүсүн бардык эле Европа университеттеринин келечектеги негизги максаты болгон Жогорку билим берүүнүн Европалык мейкиндигине (EEES) буруугa алып бара жатат. Бул система европалык студент кайсы мамлекеттен экендигине карабай, окутуучуларга, университеттин администрациясына көз каранды болбой туруп, каалаган ЖОЖдо окуп жана изилдөө ишин жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Бул система студенттердин изилдөө ишин жүргүзүшүнө абдан ыңгайлаштырылган жана ар бир студент каалаган тизмесин, каалаган кредитин талапка ылайык өзү тандап алат. Бул система билим берүүдө атаандаштыкты жана сапатты алдыга жылдырууга багытталган.

Европадагы университеттик система жөнүндөгү түшүнүк маалыматтын жана коммуникациянын жаңы агымындагы баш айлана турган өзгөрүүлөрдөн кийин түп тамырынан бери өзгөрүүгө учурап, коммерциялык дүйнө менен болгон майда байланыштары өнүктү. Болониянын негизги максаты – университетти бүткөн адиске каалаган мамлекетинде жумуш табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуу. Университет өзүнүн илимий-изилдөө иши аркылуу Илим коомуна кирүүгө шарт түзүлөт. Академия дүйнөсүн эмгек дүйнөсү менен аралаштыруу өтө маанилүү жана анчалык оор эмес, анткени ал билим берүүнү жана менталитетти өзгөртүүнү талап кылат.

1998-жылы май айындагы Франция, Германия, Италия жана Англиянын министрлери Сорбонна университетиндеги жолугушууда бул тема талкууга алынган.

Ошол жерде Сорбонна декларациясы (Declaracion de la Sorbona) кабыл алынган. Анын негизги идеясы «бул мамлекеттер жашаган континентти интеллектуалдык, маданий, коомдук жана техникалык жактан бекемдөө жана өнүктүрүү» болгон. Ошондой эле окутуу, билим берүү жаатындагы бул мамлекеттер арасындагы айырмачылыкты жоюп, бул багыттагы чогуу өнүгүүнүн жана кызматташуунун планын иштеп чыгышкан. Окуу пландарын бекитүү менен бирге Евросоюзга кирген университеттердин окуу процессинин жалпы мазмуну максималдуу түрдө окшош болору белгиленген. Ошентип студент өзү каалаган Европа университетинде окуусун улантууга мүмкүнчүлүк алган [3, 5-б.].

1999-жылы июнь айында Сорбонна университетинде төрт билим берүү министрлери бул идеяны башка Европа мамлекеттерине сунуш кылуу менен Европа Билим берүү Министрлеринин Декларациясын (la Declaracion Conjunta de los Ministros Europeos de Educacion) кабыл алышат. Анда 2010-жылга чейин 29 мамлекетти өз ичине камтып, Европадагы Жогорку билим берүү мейкиндигиндеги (EEES) компетенттүү окуу жайлары үчүн билим жана тарбия берүүдөгү сапатты көтөрүүдө – Европанын экономикалык өсүшүн, эл аралык жана коомдук байланышты чыңдоо максатында билим берүү жана граждандарга жашоосунун бардык учурунда дипломдуу адистердин, окутуучулардын жана окуучулардын бул мамлекеттердеги эркин иштеп жана билим алуусу үчүн өз ара кызматташтыктын, тажрыйба алмашуунун туруктуу системасына айланышы керектиги белгиленген. Анын преамбуласында: «Биз дүйнөнүн академиялык, саясий өсүп-өнүгүшүнө күбө болуу менен Европанын мындан ары да интеллектуалдык, маданий жана коомдук, илимий жана технологиялык өнүгүшүн бекемдөөгө күбө болобуз» деп белгиленген [1, 56-б.]. Болониянын бул Декларациясы билим берүү тармагындагы тарыхый бурулуш болуп калат.

Болон системасы боюнча конференциялар 2 жылда бир өткөрүлүп (Прага-2001, Берлин-2003, Норвегия, Берген-2005), анда EEESтин жакын арадагы негизги милдеттери аныкталып жана кийинки жылдардагы пландар жөнүндө сөз болот. 2005-жылы Бергенде өткөн (45 мамлекет катышкан) конференциядагы официалдуу билдирүүдө: «Биздин кызматтташтык EEESтин ичинде реалдуу кызмат көрсөтүүгө багытталган. Анын максаты – студентке (стипендия, кредиттер болобу) бардык жагынан жеңилдиктерди түзүү болуп саналат. Биздин иш-аракетибиз виза алуу маселеси, жумушка кирүүгө мүмкүнчүлүк алуу ж.б. учурлардагы тоскоолдуктарды жоюу» деп белгиленген [1, 46-б.]. Кийинки конференция 2007-жылы Лондондо өткөн.

Испания мамлекетиндеги жогорку окуу жайлары Унверситеттер жөнүндөгү мыйзамга (Ley de Universidades) таянышат. Бул мыйзам: «Коомго керек болгон кесиптик муктаждыкты канаттандырууга, аталган европалык рамкага кирүүгө ылайыктап өзгөртүүгө» багытталган.

Жогорку билим берүүнүн европалык мейкиндигине кирүү менен университет төмөндөгүдөй 2 багытта иш жүргүзөт:

1. Азыркы учурда коом башынан өткөрүп жаткан кризисти оңдоо.
2. Жаңыча өзгөрүүлөргө жана новатордук моделдерге негизделген өндүрүштүк билимге ээ болуу жана аны коомдун талабына ылайык эффективдүү колдоно билүү үчүн илимий, техникалык жана экономикалык билим алуу [4, 9-б.].

Европалык мейкиндикте өзүн билим алууга умтулууга тарбиялоо чоң мааниге ээ. Окуучу үчүн окуу бул жөн эле ой-максатсыз иш-аракет эмес, анын инсан катары өсүшүнүн, жоопкерчилигин жогорулатуунун, профессионалдык жактан калыптанышынын, жашоого даярдоонун негизги куралы. Ошондой эле бул процесс ата-эненин аралашуусуна да муктаж. Ал эми ата-энеге окуу жана тарбия берүү процессинде жардамга келүүчү, бирок ар дайым эле окуучунун пайдасына чечиле бербеген экономикалык жана технологиялык, өзгөчө интернет ресурстары бала үчүн жетишсиздик кылат. Булардын бардыгы бала үчүн жөн эле оюн же башын оорутуучу инструмент катары эмес, таяныч жана керектүү мотивация берүүчү инструмент катары кызмат өтөшү

керек.

Испаниянын жогорку окуу жайларында келечекте чечиле турган көп проблемалар бар. Алар материалдык жана моралдык тоскоолдуктардан көз каранды. Билим берүү, илим жана илимий-изилдөө иштеринен тышкары маданий аспекте өзгөртүүчү көп иштер аткарылууда. Анын сырткы кебетеси гана өзгөрбөстөн, концептуалдык терең өзгөрүүлөргө дуушар болушу керек. Европадагы Университеттердин Ассоциациясынын (AEU) экс-президенти Эрик Фромент Европа университеттери үчүн бирдей, жалпы бийликтин жок экендигине тынчсызданып, аны жеке гана Испания, Франция же Германия университеттери гана эмес, бүт Европанын бардык университеттеринин бул багытта алдыга жылышы кызыктырарын белгилейт [2, 13-б.].

Азыркы учурда евросоюзга кирген мамлекеттердин университеттик системасы ар түрдүү. Мисалы учурагы Испаниянын билим берүү системасы EEESтин талаптарына жооп берүүдө бир топ эле кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жаткандыгы жашыруун эмес. Анткени Испаниянын билим берүү системасынын түзүлүшү башка көптөгөн мамлекеттерден айырмаланат. Жогорку билим берүүнүн талаптарына толук жооп берүү үчүн алдыга коюлган максатты ишке ашыруу абдан маанилүү, себеби, бул жаңы европалык граждандуулукту куруунун негизги предмети. Ал эми жаңы миң жылдыктын чакырыгына жооп берүүдө ага ылайык, замандын талаптарына төп келген мүмкүнчүлүккө ээ болгон, чыныгы билимге ээ болгон атуулдарды сунуш кылуу – аталган мамлекеттеги жогорку окуу жайларынын эң негизги милдеттеринин бири.

*Европанын Жогорку билим берүү Мейкиндиги: мүнөздөмөсү, максаты, түзүлүшү*

EEES - коомдук өнүгүүнү жана атуулдардын билим алуусун жөнгө салуучу, жалпы тарбия берүүчү система.

Анын мүнөздүү белгилери төмөндөгүдөй:

- Өнүгүүнү жана коомдук байланышты жогорулатууну илим жана атуулдарга билим берүү аркылуу жүргүзүү;
- Тарбия берүү системасынын сапатын көтөрүү;
- Эл аралык деңгээлде атаандаштыкты өнүктүрүү;
- Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу;
- Административдик ишмердүүлүк жана башкаруу системасы да ошого ылайыкташтырылат.

Жогоруда аталгандардын бардыгы тазалыкты, акыйкаттыкты, сапатты жана атаанаштыкты өнүктүрүү аркылуу ишке ашырылат.

EEES алдына төмөндөгүдөй стратегиялык максаттарды коет:

- Система түшүнүүгө оңой болушу керек;
- Система 3 циклде (градуалдык, магистрдик жана докторлук даражада) ишке ашырылуучу 2 – градуалдык жана постградуалдык этапка негизделген. Тактап айтканда, профессионалдык (градуалдык) билим берүү, адистештирүүчү (магистрдик даража) жана илим изилдөө (доктор титулу);
- Кредиттик система (аны топтоо, ECTS кредити);
- Университеттеги студенттердин, окутуучулардын жана административдик персоналдын иш-аракети.

3 жыл негизги билим берилип, 4-курста акыркы курс катары долбоор же практика алынып барылат. Бул багытта окуунун түзүлүшү жана узактыгы 45 мамлекетте бирдей ишке ашырылат.

Болон процессинин максаты – билим берүү системаларынын ортосундагы акыйкаттыкка жана чынчылдыкка анын негизги принциптерин колдонуу аркылуу гана жетүү эмес, учурдагы билим берүүнүн улуттук салттарын жана тажрыйбаларын бузбай туруп, жалпы жогорку билим берүү мейкиндигин түзүү.

Ошентип, азыркы учурдагы Испаниянын жогорку окуу жайларында Кредитти топтоонун жана которуунун Европалык системасын (ECTS) эксперименттен өткөрүү менен, 2010-жылы анын толук кандуу ишке киришине даярдык көрүлүүдө.

**Адабияттар**


1. Francisco G. N. (Universidad de Almeria). La Didactica de la Lengua y la Literatura en el Espacio europeo de Educacion Superior // Lenguaje y Textos, 2007 SEDLL. Num.25, junio, p.43-64
2. Garcia. J.A. (2006): ¿Que es el Espacio Europeo de Educacion Superior?, Barcelona: Universidad de Barcelona.
3. R.D. 1509/2005, de 16 de diciembre, por el que se modifican el R.D. 55/2005, de 21 de enero, por el que se establese la estructura de las enseñanzas universitarias y se regulan los estudios universitarios oficiales de grado y el R.D. 56/2005, por el que se regulan los estudios universitarios oficiales de postgrado (BOE 303, 20/12/05).
4. Vez, J.M. (2000): Fundamentos linguisticos en la enseñanza de lenguas extranjeras, Barcelona: Ariel.